# Музейлер муңун ким угат?..

**Абдыкерим Муратов**



Кыргызга өткөн XX кылым музей деген нерсени берди. Жаңы XIX кылым ал бергенин эми кайра тартып алып жаткан сыяктанат. Биз бала кезде, мисалы, мындан отуз-кырк жылдай илгери, айылдык пионерлер, комсомолдор шаарга түшөрүбүз менен музейлерге кирчүбүз, же мектептерден атайын экскурсиялар менен музейлерге алып келишчү. Азыр эми ошондогу менин жашымдагы айылдык балдарды шаарга алып келип, музейге киргиле десе жаа бою качышат, чоңдордун көзүн жазгырып "Дордойго" же "Ош" базарга кетип калат.

Бул эмне көрүнүш – биздин элдин музей маданиятына жакындыгы жоктукпу, же музейлерибизде көрө турган эч нерсе калбай калгандыкпы?..

Токтоп туруңуз!..



Музей кыргыздарга таңууланып, сырттан алынып келинди, тагыраагы, аларды олчойгон акча коротуп совет өкмөтү жасап берди. Большевиктердин аскер жетекчилеринин бири, Орто Азияны, анын ичинде кыргыздарды катуу кыргынга алуу менен лениндик идеяны ишке ашыруучулардын анабашы М.В.Фрунзе биздин жерде туулуп калган экен, Совет өкмөтүнүн парманы менен ошол кишинин үйү 1925-жылы 9-декабрда музейге айландырылат. Мына ушул үй-музей азыр эми эгемендүү мамлекет болуп калган биздин өлкөнүн тарыхындагы эң алгачкы музей. Ушул күндө дал ошол биринчи музей талашка түшүп, анын улуу полководецке дагы эле кызмат кыла бериши туура эмес, моралдык жактан эскирди, эч ким бул жерге эми кирбейт дешсе, коммунист депутаттар, тагыраагы, Исхак Масалиев бул жерди совет доорунун, коммунисттик замандын музейи кылалы деп чыгышты.

Экинчиси 1927-жылы 15-мартта ачылган Кыргызстандын борбордук музейи, кийин ал Мамлекеттик крайтаануу музейи деп аталып калды. 1934-жылы болсо Көркөм сүрөт өнөр музейи иштей баштады. Ошентип, Ала-Тоо койнуна музейлер орноп, коммунизмди куруучу элдин руханий дүйнөсүн байытар жайлардын бири, алардын турмушунун ажырагыс бир бөлүгү ушул маданият очоктору болуп калган.

1981-жылы республика боюнча 13 музей иштесе, ошондон кийин 20 жылда алардын саны аябай өсүп, 2001-жылы 36га жетти да, андан ары эгемендүүлүккө кирип барып, музей ишин баштап берген, аларга имараттарды куруп берген Совет өкмөтүн да оодуйнөгө узаттык. 1990-жылдарга чейин көп ишканалар, мисалы, Айыл чарба машиналарын чыгаруучу, физикалык проборлор, Ленин заводу өздөрүнүн чыгарган продукцияларын, жетишкендиктерин, байланыштарын чагылдырган музейлерди ачышкан.

Музей мекемелеринин максаты тарыхый, маданий мурастарды жыйноо, эсепке алуу, сактоо, алардын илимий баяндамасын жазуу, экспонаттарды элге дайыма иштөөчү жана көчмө формаларда көрсөтүп туруу, үгүт иштерин жүргүзүү. Ошол багытта биздин музейлер табийгый-илимий, тарыхый, этнографиялык, зоологиялык, адабий, искусстволук, айыл чарба, техникалык, аймактаануу вазийпаларын аткарып келет.

Көпчүлүк эле өлкөлөрдөгү сыяктуу кыргыз музейлери да алынча иш жүргүзүп, алар өзүнчө 4 категорияга бөлүнүп келди. Мисалы, 1-категориядагы Улуттук тарых музейи 90 миңдей экспонатка ээ эле, жылына 125 миңдей адам кирет, Г.Айтиев атындагы улуттук көркөм өнөр музейинин кору 17 миңдей, жылына 81 миңдей киши кирет, М.В.Фрунзенин мемориалдык үй-музейи 15,5 миң экспонатка ээ, жылына келүүчүлөр 80 миңдин тегереги, Оштогу бириккен тарыхый-маданий корук-музейинин фондусу 53 миң, келүүчүлөр 28 миңдин айланасында. Ал эми 2-категориядагы музейлер "Манас-Ордо", Ысык-Көл мамлекеттик тарыхый-маданий музей-коругу, булардын экспонаттары 10-13 миңдей, келгендердин саны 10-20 миңдин тегерегинде. 3-категориялар Нарында, Кызыл-Кыяда, Алайда, алардын фондусу 1-2 миң, келүүчүлөр 1,5-4 миңдей. 4-категорияга Кочкордогу тарыхый-аймактаануу музейи кирет, алардын фондусу 4 миңдей, жылына келгендер 1 миңдин тегереги.

Жалпысы музейлерде негизги фонддун 156 миңдей материалдары бар, 450 миң киши келип көрүп турат деп эсептеп келдик. Албетте, экспонаттар ордунда турат, а келүүчүлөр жылдан жылга азайып барат, бул деген элдин руханий байлыкка умтулуусунун басаңдап бараткандыгын айгинелөөчү көрүнүш.

## *Көйгөйлөрдү көтөргөндө...*

Бул музейлердин эң оор проблемасы – көпчүлүк имараттардын эскирип калгандыгы, мисалы, Улуттук тарых музейи салынганга 26 жыл (1984), Г.Айтиев атындагы музейдин курулганына 35 жыл (1974), М.В.Фрунзе музейинин бүткөнүнө 42 жыл болуп калды. Кыргызстандын музейлеринин көпчүлүгүнөн тамчы өтөт, мисалы, мен Оштогу Сулайман тоонун үңкүр-музейине кирип көрдүм, тамчы кыйла экспонаттардын айласын кетиргени сезилип турат. Биздин музейлерде б.з.ч. 3-6 кылымдарга сак дооруна таандык алтын буюмдар, 6-8-кылымдардагы түрк доорунун аскер куралдары сыяктуу уникалдуу экспонаттар бар, аларды алып кетүүгө сырттагы музейлердин эки көзү төрт, а биздин өкмөт болсо ошолорду сактап жаткан имараттардын абасы, жылуулугу бирдей болуп турушу үчүн кам көрө албайт жатат.

Азыркы музей көрүүчүсү жыйырма жыл мурдагыдай эмес, азыр технологиялардын кылымы, мисалы, бир экспонат турса, ал тууралуу жанындагы компьютерден ар кандай маалымат алышы керек, же алар тууралуу интернеттен эле билип алгысы келет, бул жагынан биздин музейчилер атам-замандагы ордунан жыла албай келет.

Анан да жеке адамдарга байланыштуу А.Малдыбаевдин, А.Токомбаевдин, С.А.Чуйковдун, О.М.Мануйлованын, С.Чокморовдун (Бишкек шаары), А.Осмоновдун, З.Кайназарованын, Д.Шопоковдун (Чүй облусу), А.Орозбековдун (Баткен облусу), Т.Сатылгановдун (Жалал-Абад облусу), Ч.Айтматовдун (Талас облусу) музейлери жана үй-музейлери же жалпы республикалык, же жергиликтүү бюджеттердин эсебинен жеткиликтүү камсыздандырылбайт, аларга адамдар барбайт, көпчүлүк учурда кара кулпу кайтарат. Чолпон-Атадагы М.О.Ауэзовдун музейиндегилер менен баарлашсак, алар айлык да албай иштешет экен, келгендерди да акысыз киргизет, жөн гана уялгандар болсо үкөккө көңүлдөн чыкканын салып коёт. Финансылык, руханий, алардан өтүп энергетикалык кризис кыргыз музейлерин белге тепти, белге тээп эле калбай жок болуу абалына алып келди.

Гапар Айтиев атындагы музейде сүрөттөрдү реставрациялап туруу керек, ошондой адистердин жетишсиздигинен жана аларга төлөнүүчү каражаттын жоктугунан 13 жылдан бери мындай иштер жүргүзүлбөйт, натыйжада XVIII-XIX кылымдардын эмгектери залга чыгарылбай чаң басып жатат, электр энергиясы бирдей берилбегендиктен машина залы жакшы иштебей, картиналар жапа чегүүдө, микроклимат сактоочу тетиктер да эскилиги жетип бүткөн. Имараттын желдетүү системасы, кондиционерлери, муздаткычтары – баары атайын эсептелип чыгышы керек болсо, булардын баары азыр талапка жооп бербейт. Бул музейде башка эч жерде кездешпеген Василий Шишкин, Илья Репин, Василий Верещагин ж.б. классик сүрөтчүлөрдүн уникалдуу эмгектери бар. Бул мекемедеги кызматкерлердин айлыктары 2 миңдин тегереги, союз учурунда Т.Усубалиевдин байбичеси иштеген учурда 4-5 киши иштеген жерде азыр 1 киши иштейт, көрүүчүлөр дээрлик жокко эсе.

Музейге экспонаттар абдан кыйынчылык менен жыйналат, мисалы, Караколдогу Н.М. Пржевальскийдин музейи 1957-жылы негизделген, алгачкы үч жылда 386 экспонат болсо, кийин саякатчынын 8 эмгеги, 30 фотокопия




жана фотография топтолгон, сүрөтчүлөр Гладков, Харламов, Васильев такай иштеп 14 картина тарткан, 10 жаныбардын жана канаттуунун кебин жасап, Ленинград шаарынын букинист дүкөнүнөн 7 китеп таап келишкен, ошентип отуруп экспонаттардын санын 1910го жеткирди. Алардын ичинде 1883-жылы чыккан 836 номердеги мергенчилик мылтыгы коюлган. Чынын айтканда бул музей мага абдан жагат, ал жерден көп нерсени таанып билүүгө мүмкүн. Ушундай эле жакшы музейди Таластан көргөмүн, Теодор Герцендин сүрөт музейи, ал жерде да айыл калкын эстетикалык жактан тарбиялоого олуттуу салым кошо алууга ылайык мыкты эмгектер коюлган. Албетте, соңку абалы кандай экени менен кабардар эмесмин...

Каражаттын жетишсиздигинен жана суроо-талаптардын жоктугунан улам музейлер дээрлик көчүп жүрүү иштерин, жаңы эспонаттарды сатып алуу жумуштарын жүргүзбөй калды. өлкөдөн табылган антиквариант буюмдар биздин музейлерди кыйгап өтүп, чет өлкөлөргө ташылууда.

2000-жылы "Кыргыз Республикасынын музейлери жана музей фондулары" тууралуу мыйзам кабыл алынган. Тилекке каршы, ал да жакшы иштебей турат. Кыргызстандын музейлерин мамлекет кармап келди, эми бара-бара мамлекеттен чыгып, жеке менчик музейлер ачылышы мүмкүн, азыр андайлар пайда болууда, мисалы, Бишкекте эки менчик музей – техниканын жана ойлоп табуулардын тарыхы жана космонавтиканын тарыхы деген музейлер иштей баштады. Булардын иштөөсүнө мыйзам жакшы шарттарды түзүшү керек.

Бизде Сулайман тоонун айланасы өзү табийгый музей, бул жер дүйнөлүк музей сүйүүчүлөрдүн эң куштарлантар жайы болушу керек эле, тоо панорамасы, таштардагы жазуулар, сүрөттөр, үңкүрлөр, эски мончонун калдыгы, Султан Бабыр үжүрөсү, Асаф-ибн-Бурхиянын мавзолейи (XI-XVII), Рават-Абдуллахан мечити (XVII-XVIII), Мухаммед Жусуп Байкожо уулунун мечити (1909), чыгыш базары, өлкөдөгү мыкты музейлердин бири «Сулайман тоо» тарыхый-маданий археологиялык музейи чет элдиктерди, өзүбүздүн жарандарды тартышы керек эле, тилекке каршы, аларга келип-кеткендердин саны жүз миңге да жетпей жатат. Эмне үчүн? Көп себеби бар, ошонун башкысы – музей иштерине кайдыгер караганыбыз. Анан эми ЮНЕСКОнун тизмесине кирди, Парижди карап акыйып турсак, быйыл жайында уруш чыгып кетти...

Бирок музей иштерин уюштура албайбыз дегенге ишенбеймин, уюштурууга болорун жакындагы Улуттук тарых музейиндеги «Алтын көргөзмөнү» көргөндө ишендим, ал жерде биздин башкы байлык – Шамшыдан табылган канышанын беткабы баш болгон алтын буюмдарыбыз бүт көрсөтүлдү, демек ишти колго алса болот экен го.

Ал үчүн биз айрым өлкөлөрдүн музейлери жана музейге кылган мамилелери менен таанышып көрөлү.

# Кыргызстандын Улуу Жибек Жолундагы эстеликтери



Кыргызстандын байыркы жана орто кылымдардагы географиялык, экономикалык, социалдык-саясий жана маданият жагындагы ээлеген көрүнүктүү абалы, Улуу Жибек Жолунда маанилүү орунду ээллөөсүнө шарт түзгөн. Ошол себептен, Тянь-Шанда алгачкы түрк шаарлары курулуп, биринчи түрк акчалары чыгарылып, түрк тилиндеги тунгуч "Куттуу билим" поэмасын жазган акын төрөлгөн.

Кыргызстандын аймагын байыркы кербендер Улуу Жибек Жолун үч багытта басып өткөн.

Түндүк багыты Чүй жана Ысык-Көл өрөөнүнө алып келген. Боом капчыгайына кире бериш жерде бир тармак бөлүнүп чыгып, Кастек ашуусунан өтүп Заил тоо кыркасы, Тянь-Шандын түндүк этеги аркылуу өткөн жана андан ары Иле дарыясын бойлоп кеткен.

Ортоңку багыт Ош менен Фергана өрөөнүнөн башталып, түштүк багытка Алай тоо кыркалары менен Эргештам аркылуу Кашгар, Жаркен шаарларына кеткен; батыш багыты болсо Өзгөн менен Фергана тоо кыркалары аркылуу Нарын өрөөнүнд уланган. Нарын башында ал тармак түндүк тармак менен бириккен, же Ат-Башы өрөөнүн бойлоп Кара-Коюндун башы менен Чатыр-Көлдү айланып өтүп, Торугарт ашуусу аркылуу Кашгарга чыккан.

Түштүк тармак Вахш, Заравшан өрөөндөрүнөн Алай өрөөнүнө өтүп, Эргештам аркылуу Кашгар менен Жаркен шаарларына багыт алган.



Кыргызстандын орто кылымдардагы тарыхында архитектура жана маданият жаатындагы жетишкендиктерин көргөзгөн, Улуу Жибек Жолу доорунун гүлдөшүнө чоң таасирин тийгизген 3 эстелик жөнүндө кыскача баяндама берилди.


## Өзгөн архитектуралык комплекси

Өзгөн архитектуралык комплекси Түндүк, Ортоңку, Түштүк деп аталган үч күмбөздөн жана алардан 150 метр түндүктө жайгашкан мунарадан турат. Күмбөздөрдө караханиддердин династиясынын башкаруучуларынын сөөктөрү коюлган. XI кылымдын башында курулган Ортоңку күмбөздө, династиянын негиздөөчүсү Наср ибн Алиге 1152-1153-жылдары курулган Түндүк күмбөзүнө Хасан ибн Хусейин ибн Алиге таандык.

Ал эми Түштүк күмбөзүнө коюлган сөөктөр кимдики экени чегилген терракотикалык тактадагы жазуу курулган мезгили 1187-жыл экендигин маалымдайт.

Ал эми мунара XI кылымдын ортосунда курулган.

Өзгөн архитектуралык комплексинин эстеликтерин караханид маданиятынын энциклопедиясы деп айтышат, анткени алардан архитектуралык формалардын өнүгүү этаптары да, XI-XII кылымдардын декорасы да ачык көрүнүп турат.



Таш-Рабат кербен-сарайы архитектуралык көрүнүшү жагынан Самаркан курулуштарына окшоп кетет. Анын бийиктиги 20 метрдей. Тик бурчтуу формадагы 31 бөлмөдөн турат. Тышкы дубалынын калыңдыгы 1,80 - 12,20 метрден 2,26 - 260 метрге чейин, ал эми ички дубалдарынын калыңдыгы 1,07-1,84 метрге чейин жетет.

## Таш-Рабат кербен –сарайы

Улуу Жибек жолунун эң бир маанилүү тармагында орун алган жана Орто Азиядагы ири архитектуралык бул эстелик XV кылымда курулган. Ал азыркы Ат-Башы айылынан 80 км.түштүк-чыгыш тарапта, Бишкек-Торугарт жолунан 18 км.аралыкта жайгашкан. Окумуштуулардын болжоосунда, Кытайга кеткен жолдогу бекемделген бул курулуш соодагерлер, элчилер жана саякатчылар түнөп өтө турган кербен-сарай катары кабыл алынат.

Таш-Рабат кербен-сарайы архитектуралык көрүнүшү жагынан Самаркан курулуштарына окшоп кетет. Анын бийиктиги 20 метрдей. Тик бурчтуу формадагы 31 бөлмөдөн турат. Тышкы дубалынын калыңдыгы 1,80 - 12,20 метрден 2,26 - 260 метрге чейин, ал эми ички дубалдарынын калыңдыгы 1,07-1,84 метрге чейин жетет.

Бөлмөлөр үч топко бөлүнөт: Биринчиси, көлөмү 16,25х3,75 м болгон борбордук коридор. Экинчиси, борбордук коридордун оң, сол жактарына орношкон бөлмөлөр, о.э: 9,25х9,15м келген зал жана анын тегерегинде жайгашкан бөлмөлөр.

Убагында кербен-сарайга, үч каоол үйү, тамак даярдоочу жай жана аткана да таандык болгон.

## Бурана архитектуралык комплекси

Х кылымда Орто Азияда караханиддердин кубаттуу түрк мамлекети пайда болгон. Бул мезгилде ислам маданиятынын жана өнөрүнүн гүлдөшү байкалып, жаңы шаарлар жана отурукташкан жайлар курулган. Х кылымдын аягында бул мамлекеттин борбору - Чүй өрөөнүндө жайгашкан, азыркы шаар калдыгы сакталып калган, өзүнүн атын Х кылымдын атактуу эстелиги – Бурана мунарасынан алган Баласагын шаары болгон.



Бурана мунарасы жана жалпы шаар калдыгы азыркы Чүй-Токмок шаарынан 10 км.түштүк жакта жайгашкан. Мунаранын түтүк-чыгыш тарабында бышкан кирпичтен коюлган сегиз кырлуу күмбөздүн калдыгы, ал эми 80 метр аралыкта, түндүк-чыгыш жагындагы дөңсөө аянтта шаардагы диний ырым-жырымдарды өткөрө турган имараттарды курууда колдонулган бышкан кирпичтен тургузулган эки тегерек күмбөздүн да калдыгы сакталып калган.

Бурана мунарасы жана жалпы шаар калдыгы азыркы Чүй-Токмок шаарынан 10 км.түштүк жакта жайгашкан. Мунаранын түтүк-чыгыш тарабында бышкан кирпичтен коюлган сегиз кырлуу күмбөздүн калдыгы, ал эми 80 метр аралыкта, түндүк-чыгыш жагындагы дөңсөө аянтта шаардагы диний ырым-жырымдарды өткөрө турган имараттарды курууда колдонулган бышкан кирпичтен тургузулган эки тегерек күмбөздүн да калдыгы сакталып калган.

Археологиялык казуулардын табылгалары Баласагын шаарында каналдардын тармагы болгондугун, адамдардын мончону пайдалангандыгын, ал эми капчыгайдагы суу шаарга керамика түтүктөрү аркылуу агып тургандыгын далилдейт.

Караханидердин мезгилинде кол өнөрчүлүктүн жана сооданын гүлдөшү байкалып, ал эми караханиддер ислам динин тутканына карабастан, башка диндерге да жакшы мамиледе болушкан, ошол себептен Баласагынга Борбордук Азиянын элдери келип турган.

Шаар өзүнүн жашоочулары менен сыймыктанган. Алардын арасынан шаардын атагын алыска даңазалаган илимпоздор, философтор, акындар чыгышкан. Тарых бизге чейин өзүнүн чыгармалары менен белгилүү адамдардын ысымдарын жеткизди: Жусуп Баласагын жана анын "Куттуу Билим" эмгеги, Махмуд Кашгари жана анын "Диван лугат ат-түрк" китеби.

Бул чыгармалар караханиддердин тарыхы боюнча баа жеткис булак экени эбак эле дүйнө жүзүнө белгилүү.